**Ош технологиялык университетинин экономика жана башкаруу факультетинин Экономика жана финансы кафедрасынын "Бажы биримдиги Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүүсүнүң негизги фактору катары" аттуу темадагы конок лекциянын**

**ПРОТОКОЛУ**

Ош шаары 2022-жылдын 22-декабры

**Лекторлор:**

**"Ош Түштүк - Батыш бажы башкармалыгынын бажы процесстери" боюнча борбордун жетекчиси – Дуйшеналиев Канатбек Токтосунович,**

**Бажы кызматынын контролдоо бөлүмүнүн башчысы майор Жоробеков Жениш Жоробекович**

**Катышуучулар:** ЭжФ кафедрасынын окутуучулары, Э(ФиК)-1-21(М), Э(БУиА)-1-21(М) тайпасынын магистранттары, Э(ФиК)-1-22(М), Э(БУиА)-1-22(М), Э(ФиК)-19, Э(ФиК)-1-20, Э(ФиК)-1-21, УБ-1-20, Э(БУиА)-1-21, ИТвУА-1-22 тайпасынын студенттери.

**Угулду:**

**ЭжК кафедрасынын проф.Баймуратов А.А.:** Саламатсыздарбы бүгүнкү лекциянын катышуучулары! Бүгүнкү лекциянын темасы: "Бажы биримдиги Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүүсүнүн негизги фактору катары", лектор: **"Ош Түштүк - Батыш бажы башкармалыгынын бажы процесстери боюнча борбордун жетекчиси – Дуйшеналиев Канатбек Токтосунович жана бажы кызматынын контролдоо бөлүмүнүн башчысы майор Жоробеков Жениш Жоробекович.** Лекциядан кийин лекторго суроолоруңуздар болсо бериңиздер. Анда эмесе лекцияны баштай берейли.

**"Ош Түштүк - Батыш бажы башкармалыгынын бажы процесстери боюнча борбордун жетекчиси – Дуйшеналиев Канатбек Токтосунович:** Саламатсыздарбы, урматтуу окутуучулар жана студенттер! Бүгүнкү лекциябыздын аталышы "Бажы биримдиги Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүүсүнүң негизги фактору катары" деген темада.


**Бажы кызматынын контролдоо бөлүмүнүн башчысы майор Жоробеков Жениш Жоробекович:** Бажы кызматынын ишмердүүлүгүндөгү процесстерди санариптештирүү долбоорлорун ишке ашыруу маселеси болуп келе жатат. Чек арада тездетилген жана натыйжалуу контролду ишке ашыруу үчүн өткөрүү пункттарын техникалык модернизациялоону жана санариптик технологияларды киргизүүнү караган электрондук өткөрүү пункттарынын системасынын иши реалдуу убакыт режиминде көрсөтүлөт. Азыркы мезгилде төмөнкү иштерди жүргүзүүнү талдап жатабыз.


1) ЕАЭБ мыйзамдарын жана ЕАЭБге мүчө-мамлекеттердин мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу, ошондой эле продукцияны мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү боюнча позитивдүү эл аралык тажрыйбаны киргизүү;

2) ЕАЭБде интеллектуалдык менчикке уктарды коргоо механизмдерин, продукциянын шайкештигин тастыктоо жана продукциянын сапатын натыйжалуу контролдоо боюнча аспаптарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

3)Товарлардын жүгүртүүсүн идентификациялоо жана көзөмөлдөө максатында инновациялык технологияларды киргизүү, маалыматтык технологияларды жана техникалык каражаттарды колдонуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

4) ЕАЭБге мүчө-мамлекеттердин мамлекеттик органдарынын жана бизнес-коомчулугунун ишинин маалыматтык ачыктыгын жогорулатууга көмөктөшүү, ошондой эле өнөр жай продукциясынын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы күрөшүү чөйрөсүндө мамлекеттик башкаруунун ачык-айкындуулугун жогорулатуу.




Бүгүнкү конок лекциябыз түшүнүктүү жана кызыктуу болду деп ойлойм.
Суроолоруңуздар болсо бериңиздер.

**Э(ФиК)-1-22(М) тайпасынын магистранты Абзалидин к.Аксаамай:** Менде суроо бар эле. Дүйнөлүк соода уюму ЕАЭБге тоскоолдук жаратпайбы?

**Бажы кызматынын контролдоо бөлүмүнүн башчысы майор Жоробеков Жениш Жоробекович:** Дүйнөлүк соода уюму Евразия экономикалык биримдикке кирүүгө эч кандай тоскоолдук жаратпайт, тескерисинче бизге дагы кошумча мүмкүнчүлүк ачылып жатат.

**Э(ФиК)-1-19 тайпасынын студенти Курванбеков Толкунбек**:ЕАЭБке мүчө болгон мамлекеттер арасында Кыргызстандын экономикасы өнөктөш мамлекеттерге караганда алсыз экендиги белгилүү. Андай шартта биздин экономикабыз кайсы жагына басым жасашы керек эле.

**"Ош Түштүк - Батыш бажы башкармалыгынын бажы процесстери боюнча борбордун жетекчиси – Дуйшеналиев Канатбек Токтосунович:** Эгерде биздин экспорттук мүмкүнчүлүгүбүздү карап көрсөк, бүгүнкү күндө алтынды кошкондо 50% Орусия, Казакстанга кетет. Эгерде алтынды алып салсак, анда 70% бизде өндүрүлгөн продукциянын баары Орусия менен Казакстанга кетет. Ошол эле кайра иштетилген тамак-ашты алып барып Европага сата албайбыз. Экинчиден, биз алып жаткан бизге эң керектүү болгон нефти продуктуларын Кытайдан, Ирандан, Өзбекстандан албайбыз, биз негизинен Орусия менен Казакстандан алабыз. Дээрлик 98% Орусиядан келет. Эгер алар экспорттук пошлина коюп койсо, кымбат болуп калат. Тарифтерди жогору кылып койсо, анда дагы биздин чөнтөгүбүзгө зыяны тийет. Ошондуктан бул сыяктуу нерселерди айтканда, муну да биз билишибиз керек. Албетте, биз башкача саясат жүргүзүшүбүз керек, анткени интеграциялык биримдикке кирген бул ошол биримдикке кирген мамлекеттердин ички өндүрүшүн коргоо саясаты.

**ЭжК кафедрасынын проф.Баймуратов А.А.:** Бүгүнкү конок лекциябыз аяктады. Келиа катышып бергениңиздерге рахмат. Мындан арыда кызматташабыз деген ойдомун.

**Жыйындын төрагасы:** **каф. баш., доц. Зикираев М.Т.**
**Катчы:** **Кудайбердиева А.С.**

**Ош технологиялык университетинин экономика жана башкаруу факультетинин Экономика жана финансы кафедрасынын "Салык мамилелерин укуктук жөнгө салуу" предметинен "Санариптештирүү – салык тутумунун натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги ыкмасы аттуу темадагы конок лекциянын**

**ПРОТОКОЛУ**

Ош шаары

2023-жылдын 1-ноябры

**Лектор:**

**Ош шаардык мамлекеттик салык кызматынын бөлүм башчысы Абдырай уулу Асылбек.**

**Катышуучулар:** ЭжФ кафедрасынын окутуучулары, Э(ФиК)-1-22(М), Э(БУиА)-1-22(М), Э(ФиК)-1-23(М), Э(БУиА)-1-23(М) тайпасынын магистранттары

**Угулду:**

Салык Кодекси салык саясатын ийгиликтүү ишке ашыруунун социалдык маанилүү инструменти болуп санала тургандыгын, ошондой эле мамлекеттин, бизнестин жана жарандардын ортосундагы укуктук өз ара аракеттенүүнүн гаранты катары да иштерин айтты.

Конок лекциянын максаты жаңы кабыл алынган Кодекстин – Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын заманбап экономикалык шарттарга ыңгайлаштыруу, салык процедураларын санариптештирүүнү андан ары өркүндөтүү, бизнес жүргүзүү үчүн бирдей шарттарды түзүү жана экономиканын көмүскө бөлүгүн кыскартуу болушун белгилеп кетти.

2023-жылдын 9 айына берилген маалыматтар ККМ чектин суммасы 13 831 107 677,6 сомду түзгөн. Ал эми контролдук-кассалык машиналардын саны Бишкек ш.- 23531, Ош ш. – 5380, Чүй -8214, Жалал-Абад – 8168, Талас – 1849, Ысык-Көл – 4953, Нарын – 2648, Баткен – 5644.

Андан тышкары Кыргыз Республикасында өткон жылга салыштырмалуу канча тамактануучу жайлар, ашканалар ачылган, түшкөн кирешелери жөнүндө кеңири маалымат берилди.

«Кадастр» жана «Унаа» мекемелери менен интеграциялык иштеринин 2022-2023-жылдагы салык төлөөчүлөрдүн санынын өскөндүгү , мүлк салыгынын суммасынын жогорулашы тууралуу көрсөткүчтөрдү көрсөтүп берди.

Товарларга байкоо жүргүзүү ЭСФ, ЭТТН, ГТД, СН жана кампа тууралуу айтып берип , жайгашкан жерлерин карта аркылуу көрсөтүп берди.

Ошондой эле салыкты онлайн төлөө, салык төлөөчүлөрдү электрондук түрдө каттоонун этаптарын кеңири айтып, электрондук түрдо көрсөтүп берди.

**Жыйындын төрагасы:** **каф. баш., доц. Зикираев М.Т.**

**Катчы:** **Кудайбердиева А.С.**








www.oshtu.kg
МАГИСТРАНТТАР САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН
ӨКҮЛДӨРҮ МЕНЕН ЖОЛУГУШТУ
oshtu_pressa
Pressa Oshtu
Пресса ОшТУ
oshtu_pressa

**Ош технологиялык университетинин экономика жана башкаруу факультетинин Экономика жана финансы кафедрасынын “Салык кызматынын санариптештирүүгө карай багыты” аттуу темадагы конок лекциянын**

**ПРОТОКОЛУ**

Ош шаары 2023-жылдын 11-октябры

**Лектор:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасы– Алтынбек Абдубапов**

**Катышуучулар:** ЭжБ факультетинин окутуучулары , ЭжБ факультетинин 1-2-3-4-курсунун студенттери.

**Угулду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасы– Алтынбек Абдубапов “Салык кызматынын санариптештирүүгө карай багыты”аттуу темада уюштурулган ш-чаранын жүрүшүндө төрага салыктык башкаруу жана салык системасын санариптештирүү чөйрөсүндөгү акыркы жетишкендиктер жана реформалар жөнүндө маалымат берди. Кыргыз Республикасынын региондору боюнча 2023-жылдын 9-айына карата контролдук-кассалык машиналардын саны жана берилген чектердин суммасы тууралуу айтып берди. Ошондой эле салык отчетторун электрондук түрдө тапшыруудагы көйгөйлөр жана аны чечүү жолдорун баса белгилеп, электрондук салык кызматын отчетун толтуруу үчүн бланкаларды көрсөтүп мисал келтирди. Андан тышкары салыкты онлайн режимде төлөө үчүн азыркы мезгилде көптөгөн мобилдик тиркемелер тууралуу маалымат берип, товарларга онлайн байкоо боюнча жаңы долбоорлор иштелип жатканын айта кетти.

А.Абдувапов Салык кызматына кирүү мүмкүнчүлүктөрү тууралуу айтып берди жана студенттерди экономика, салык мыйзамдары жана маалыматтык технологиялар жаатындагы билимдерин тереңдетүүгө үндөп, келечекте Салык кызматында иштөө үчүн жогорку квалификациялуу адистердин келүүсү маанилүү экендигин баса белгиледи.

Экономика жана башкаруу факультетинин окутуучулары өлкөнүн салык системасын өнүктүрүүгө кошкон салымдары үчүн Салык кызматынын “Ардак грамотасы” менен сыйланды

**Жыйындын төрагасы:** **каф. баш., доц. Зикираев М.Т.**

**Катчы:** **Кудайбердиева А.С.**

**Ош технологиялык университетинин экономика жана башкаруу факультетинин**
**Экономика жана финансы кафедрасынын «Санариптештирүү мезгилинде бажы кызматынын ролу жана орду» аттуу темадагы конок лекциянын**

**ПРОТОКОЛУ**

Ош шаары 2024-жылдын 12-февралы

**Лектор:**

**Баткен бажысынын башчысынын орун басары Дуйшеналиев Канатбек Токтосунович**

**Катышуучулар:** ЭжФ кафедрасынын окутуучулары, Э(ФиК)-1-22, Э(БУиА)-1-22, Э(ФиК)-1-21), Э(БУиА)-1-21, Э(ФиК)-1-20, Э(БУиА)-1-20, тайпасынын студенттери

**Угулду:**

Конок лекциянын максаты бүгүнкү күндө өлкөбүздүн туруктуу өнүгүү жолуна түшүп мамлекеттин казынасын толтурууда жана бажы кызматтарынын ролу жана орду чоң экендиги белгилүү. Студенттерибизге татыктуу билим, таалим-тарбия берүү менен бирге бажы кызматынын ишмердүүлүгү менен тааныштыруу.

Мындан тышкары, бажылык башкарууну санариптештирүү жана соода жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү алкагындагы долбоорлор, электрондук өткөрүү пунктун жана чек арадагы мамлекеттик көзөмөлдөөчү органдардын өз ара аракеттенүү системасын киргизүү боюнча маалымат берилди.

Белгиленгендей, бизнес-процесстерди оптималдаштыруу менен бирге инфраструктураны өнүктүрүү, модернизациялоо жана өткөрүү пункттарын кеңейтүү боюнча иштер жүргүзүлүп жатканын белгилеп, тышкы соода ишмердигинин катышуучуларынын убактысын кетирүү менен эффективдүү контролду камсыз кылуу үчүн аны заманбап техникалык каражаттар менен жабдуу пландаштырылууда экендигин айтып берди

Ошондой эле, студенттер тарабынан суроолор берилип, так жооп ала алышты.

**Жыйындын төрагасы:** **каф. баш., доц. Зикираев М.Т.**

**Катчы:** **Кудайбердиева А.С.**


www.oshtu.kg
ОШТУДА КОНОК ЛЕКЦИЯ ӨТҮЛДҮ





